DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, №4, 2023

*Мусаев Б.М.*

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ АДИСТЕРДИ ДАЯРДОО ПРОЦЕССИНДЕГИ БИЗНЕС-ПЛАНДООНУН РОЛУ ЖАНА МААНИСИ

*Мусаев Б.М.*

# РОЛЬ И ЗНАЧЕНИЕ БИЗНЕС-ПЛАНИРОВАНИЯ В ПРОЦЕССЕ ПОДГОТОВКИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ

*B. Musaev*

# THE ROLE AND IMPORTANCE OF BUSINESS PLANNING IN THE PROCESS OF TRAINING FUTURE SPECIALISTS

*УДК: 378.1*

*Өндүрүш процессинин экономикалык негиздерин көрө билүү, студенттердин сабактарда өндүрүштүк процессти ушул негизде уюштуруу жана өркүндөтүү – бул окутууну турмуш менен байланыштыруудагы аны рыноктук экономикага чакырылган негизги милдеттердин бири болуп саналат. Студенттерге экономикалык билим берүү жана тарбиялоо алардын жалпы экономикалык билимдери менен ажырагыс байланышта жана өсүп келе жаткан муундарды алдыңкы прогресске үндөө окутуу системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат. Кыргызстанда ишке ашып жаткан радикалдуу экономикалык өзгөртүүлөр ишкерлердин ишмердүүлүгүнүн бутка турууcу жана өнүгүүсү менен коштолот. Ишкерлердин ишмердүүлүгүнүн ийгилиги келечек кесип ээсинин бизнес-пландоо методдоруна ээ болуусунан көптөн көп көз каранды. Макалада студенттерди бизнес-план түзүүгө, аны менен иштөө аркылуу студенттердин келечектеги бизнестерин пландоого үйрөтүү маселеси каралган. Бизнес планды түзүүгө карата студенттердин ээ болуучу билимдери, билгичтиктери чечмеленген.*

***Негизги сөздөр:** кесиптик билим, пландоо, бизнес-план, билим, билгичтик, көндүм, долбоорлоо, экономикалык ой жүгүртүү.*

*Способность видеть экономические основы производственного процесса, способность студентов организовывать и совершенствовать производственный процесс на уроках на этой основе – одна из основных задач, которую они ставят перед рыночной экономикой в связи с обучением жизни. Экономическое образование и обучение студентов неразрывно связаны с их общими экономическими знаниями и являются неотъемлемой частью системы обучения по поощрению подрастающего поколения к дальнейшему прогрессу. Радикальные экономические преобразования, происходящие в Кыргызстане, сопровождаются становлением и развитием предпринимательской деятельности. Успех предпринимательской деятельности во многом зависит от того, владеет ли будущий профессионал методами бизнес – планирования. В статье рассматривается обучение студентов составлению бизнес-плана, планированию будущего бизнеса студентов посредством работы с ним. Интерпретируются знания, умения и навыки, которыми должны обладать студенты в отношении составления Бизнес-плана.*

***Ключевые слова:** профессиональное образование, планирование, бизнес-план, знания, навыки, умения, дизайн, экономическое мышление.*

*The ability to see the economic foundations of the production process, the ability of students to organize and improve the production process in lessons on this basis is one of the main tasks they set for the market economy in connection with life education. Economic education and training of students are inextricably linked to their general economic knowledge and are an integral part of the education system to encourage the younger generation to further progress. The radical economic transformations taking place in Kyrgyzstan are accompanied by the formation and development of entrepreneurial activity. The success of entrepreneurial activity largely depends on whether the future professional knows the methods of business planning. The article discusses teaching students how to draw up a business plan, planning the future business of students by working with it. The knowledge, skills and abilities that students should have in relation to the preparation of a Business Plan are interpreted.*

***Key words:** professional education, planning, business plan, knowledge, skills, skills, design, economic thinking.*

Илимий-техникалык прогрессти жана компьютердик технологиянын жетишкендиктерин киргизүүнү тездетүү үчүн бардык кызматкерлердин (алардын ичинде жаштардын) билим деңгээли өндүрүштүн бүгүнкү керектөөлөрүн көтөрүүгө, болочоктогу татаал жана керектүү техниканы жана технологияны башкарууга багыт алууга тийиш. Ал эми өндүрүштүн деңгээлин жаңы рыноктук жана экономикалык мамилелерге карата тездетүү адамдардын жана бүтүндөй алганда коомдун билим денгээлине жараша болот. Ал эми билимдин азыркы учурда мүмкүн болгон экономикалык пайдасы көңүл буруусуз калууда. Демек, окутуу системасында буга окшогон маселени сөзсүз оң мааниде чечүү талап кылынат. Рыноктук жана татаал экономикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү – демек новатордук экономикалык идеяларды калктын аң-сезимине жеткирүү гана эмес, ошону менен бирге ар бир адамга, айрыкча жаш инсандын сезиминде ушундай мекенчил негиздеги керектөөчүлүктү ойготуу, ар бир адамдын активдүү жана чыгармачылык ишке болгон шыгын колдоо, мурдагыга караганда жумушка бир кыйла иштиктүү мамилелерди өстүрүү, алга жылууну кубаттоо болуп эсептелет. Бул багытта экономикалык билимдер чоң жардам бере алат. Азыркы биздин коомубуздагы тарыхий учурга ыңгайлуу болгон, жаштарыбыз үчүн керектелүүчү тиешелүү экономикалык билимдердин негиздерин алардын аң-сезиминде жана акыл-ой аракеттеринде калыптандыруу, биздин педагогдордун милдети жана парзы болуп эсептелет [1].

“Бизнес-план – (англ. business plan) жаңы ишка-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



на түзүүдө маанилүү учур. Бизнес-план ишкердин өзүнө, анын потенциалдуу инвесторлоруна жана кызматкерлерине керек. Ишкер өз идеяларынын ишенимдүүлүгүнө, инвесторлор идеянын ишке ашарына, кызматкерлер түзүлүүчү ишкананын келечегине жана милдеттерине күмөндөр болбоого тийиш. Ошондуктан бизнес-планда бүтүмдү жүзөгө ашыруу жана пайда табуу программасы камтылат. Бизнес-план түзүүдө идеяны ишке ашыруу үчүн ишкердин алдында кандай тоскоолдуктар болору, ошондой эле жаңы ишканада өндүрүлүүчү товарга же көрсөтүлүүчү кызматка суроо-талаптын өлчөмү, ишкананын өндүрүштүк жана финансылык керектөөлөрү эске алынуусу керек” деген аныктама “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясында берилген [2].

Бизнес-план – бул даярдаган адамга жана инвесторлорго бизнес идеяны ишке ашырууга жана белгиленген бизнес-максаттарга жетүү үчүн түшүнүктүү болгон колдонмо. Бизнес пландаштыруу-алдыда турган иш-аракеттердин негизинде маалыматтарды иштеп чыгуу, максаттарга жетүү үчүн мыкты жолдорун аныктоо боюнча процесс. Көпчүлүк учурда технологиялык жактан ишкердик кынтыксыз аткарылат, бирок экономикалык эсептөөлөр аткарылбай калгандыктан ишкердикте ийгиликсиздик жаралат. Ишкананын экономикалык ишмердүүлүгүнүн планын алдын ала түзүү керек. Чийки материалдарды, отун, бөлүктөрдү жана даяр азыктарды сатып алуу боюнча экономикалык жактан сабаттуу план иштеп чыгуу зарыл. Мындан өндүрүштүн натыйжалуулугу, жүгүртүү каражаттарынын айланышы, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү көз каранды болот. Продукцияны өндүрүүдө жана сатууда, реалдуу чыгымдарды туура эмес пландаштыруу чарба жүргүзүүчү субъекттин банкрот болушуна алып келет [3; 4; 5].

Бизнес-план тууралуу Кыргызстандын белгилүү ишкерлери Э. Үмөталиев (“Кыргызконцепт” компаниясынын жетекчиси), Ч.Турсунбеков (“Акун” компаниясынын жетекчиси), К.Кененбаева (ишкерликти өнүктүрүү фондусунун баш директору), А.Чылымовдун (“Эмель” аттуу жоопкерчилиги чектелген коомдун жетекчиси) убагында айтып кеткен аныктамалары бар, алардын айрымдарына токтоп кетсек төмөндөгүдөй аныктамалар пайда болот: “Бизнес-план деген – бир ишти баштаар алдында ойлогон оюңду – иш башталгандан тартып аягына чыкканга чейинки кадамдарыңдын баарын кагаз түрүндө жазып алганың. Ал – өз максатын ишке ашырыш үчүн ишкердин жасай турган кадамдарын – “мына мындай оюм бар, ал ойду ишке ашырыш үчүн мен момундай иштерди жасашым керек, ал иштерди жасаш үчүн момундай каражаттар болуш керек, ал каражаттарды табыш үчүн момундай иш чараларды көрүшүм зарыл, болбой калса мындай кылам, болуп кетсе момундай мүмкүнчүлүктөр ачылат, иштин аягына кантип чыгып, канча пайда табам” деген өңдүү кадамдар. Ишкер ушуларды эсептеп, кагазга жазып алса, ал – бизнес-план болуп эсептелет. Бирок бизнес-план сөзсүз эле кагаз түрүндө болбойт. Ал ишкердин башында ой түрүндө деле түзүлүшү мүмкүн. Банктар жана фонддор бизнес-планды, ишкер кредитти алганда, анын иши чыны менен эле киреше берип, алган акчасын кайтарып бере аларын текшериш үчүн талап кылышат. Айрымдары бизнес-планды алып эле тим болбой, анын аткарылышын да такай көзөмөл кылып турушат. (Э. Үмөталиев)”, “Кээ бир банктар бар. Аларга ишкерге акча бериш үчүн кагаз керек. Алар сиздин кандай иштеп жатканыңызды текшербейт. Койгон күрөөңүздү алып, сизге акчасын берет. Алар үчүн эптеп акча кайра кайтарылса болду. Кээ бир банктар бар. Алар сиздин түзгөн бизнес-долбооруңузга жараша көзөмөл кылышып, иш кантип жатка-нын кийин сурап турушат. “Бизнес-планда сиз мынча акча чыгарам деп көрсөткөнсүз, биз мынча акча чыгармакпыз, мобуга момунча акча кетет дегенсиз, чындап эле кеттиби, ишиңиз кандай жүрүп атат” деп, бизнес-пландын аткарылышын текшерип турушат. Бизнес-планды банк учурунда көзөмөл кылып турса, акчанын кайтар-кайтпасына анын көзү жетип турат. Маселен, мен акыркы кезде иштешкен банктар ушундай. Өздөрүнүн эксперттерин жиберип, менин жасап аткан ишимди, чыгарып жаткан продукциямды, аны кайда, кантип сатып жатканымдан бери – баардыгын текшерип, ар бир кыймыл-аракетимди карап турушат. “Бизнес-план” иштин көлөмүнө карабай – бардыгына түзүлөт. Чоң ишке албетте чоң бизнес-план керек. Мисалы, Кумтөр алтын кенин ишке киргизээр алдында “Камеко” корпорациясы бир нече жүз барактан турган техникалык-экономикалык негиздеме жасап, аны даярдоо үчүн чет өлкөдөн кеңеш берүүчү компания жалдаган. “Камеко” ага 5,5 млн. доллар төлөп берген (Ч. Турсунбеков) [6]”.

Бизнес-пландоо – бул жаңы ишканалардагы бизнестин жаңы түрлөрүн же иштеп жаткан ишканалардагы жаңы ишмердүүлүк чөйрөлөрүн өнүктүрүү стратегиясы. Бизнес – пландоо процесс катары: *рынокту талдоо, өндүрүштү пландоо, маркетингдик изилдөөлөр, уюштурууну пландоо, тобокелчиликтердин мүмкүнчүлүгүн баалоо, финансылык пландоо* маселелерин чечүүнү камтып турат.

Болочок кесип ээси төмөндөгүдөй көндүмдөргө ээ болуусу зарыл:

– микроэкономикалык деңгээлде рыноктук чөйрөнү талдоо методологиясын, ишкананын өндүрүштүк-экономикалык потенциалын баалоо ыкмаларын жана өндүрүү циклинин жогорку эффективдүүлүгүнө жетүү жолдорун колдоно билүүсү керек;

– кесиптик чөйрөдө долбоорлоо ишмердүүлүгүнө жөндөмдүү болуп, иштеги ар түрдүү өзгөрүүлөрдү сыпаттоо жана божомолдоо үлгүлөрүн түзүп, иш-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



те колдоно билүүсү менен бирге аларды сапат жана сан жагынан талдай билүүсү керек;

– максатты коёо билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу менен бирге, кесиптик функцияларды ишке ашырууга байланышкан милдеттерди аныктап, аларды ишке ашырууда алган билиминин методикасын колдоно билүүсү керек;

– карама-каршы талаптар шартында башкаруу чечимдерин таап, ал чечимдерди кабыл алуусу керек;

– өндүрүштүн экономикасынын жана уюштурулушунун, ишкерлердин ишмердүүлүгүнүн, менчиктештирүү калыптары коммерциялык жана коммерциялык эмес ишканалардын ишмердүүлүгүнүн ж.б. көйгөйлүү иштерин чечүү жумуштарын уюштуруп ал иштерге катышуусу керек.

Коюлган милдеттерди чечүү негизинен кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын элементи катары окуу планында чагылдырыл-ган бизнес – пландоонун мазмундук компоненти аркылуу аныкталат.

Бизнес-пландоонун экономикага келүүсү атаандашуунун күчөөсүнөн, продукциянын конкуренцияга туруктуулугун күчөтүү зарылчылыгынан, рынокто жаңы бийиктиктерди багындыруудан, товардын (кызмат көрсөтүүнүн) жаңы түрлөрүн иштеп чыгып, аларды элге рационалдуу жеткирүү зарылчылыктарынан келип чыкканын чет өлкөлүк тажрыйба көрсөттү. Мисалы америка индустриясында бизнес-пландоо процесс катары XX кылымдын 60-жылдары пайда болгон.

Орусияга бизнес-пландоо 90-жылдардын башында, ал эми Кыргызстанга 95-жылдары келген. Бизнес-пландоону иштеп чыгуу зарылчылыгы чет өлкөлүк инвестицияларга талапкер ишканаларда башталган, чет өлкөлүк шериктештер ата-мекендик ишканаларга өтө кылдаттык менен даярдалган бизнес-плансыз инвестиция берүүдөн баш тартышкан.

Атайын китептер текчесинде кыргыздын көрүнүктүү окумуштуулары С.А. Асаналиеванын “Бизнес-пландоо”, Ш. Мусакожоевдин “Введение в экономику”, “Фермалык эсеп-кысап” (Касымбеков Б. Жаркынбаева А.), Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин “Ишкерлер үчүн долбоордун бизнес-планынын шаблондору”, Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму тарабынан чыгарылган “Техникалык жана башкаруу жактан жеке ветеринарлардын иш алып баруусун жакшыртуу, фермерлер менен коммуникациялык алакалашуу”, Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу тарабынан иштелип чыккан “Бизнести пландаштыруунун негиздери”, С.Сулайманбековдун “Фермердик менеджмент”, Өзбекстандын изилдөөчүлөрү У.Гафуров, К.Шариповдун “Ишкерликтин негиздери” аталыштарындагы методикалык китепчелер пайда болгон. Изилдөөчүлөр Суйун кызы А., Жума кызы Р. ишкананын ишмердүүлүгүнүн стратегиялык пландоо практикасында кеңири колдонулган бизнес-пландоого арналган эмгектерин жазышкан.

Баштала турган ишмердүүлүктүн келечектеги операцияларынын жыйынтыгын көрүүгө жана окуялардын өнүгүүсүнүн мүмкүн болгон варианттарын алдын-ала талдоого мүмкүнчүлүк берүүчү бизнес-пландоо процесси экономист-изилдөөчүлөрдүн көптөгөн эмгектеринде ачык көрсөтүлгөн.

Чарба жүргүзүүнүн рыноктук шарттарында ***бизнес-план*** ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрүндө жана формаларында колдонулат, ишкана же ишкер өзгөрүлүп туруучу, туруктуу эмес жана алдын ала белгисиздик шарттарында кезиктирүүчү көйгөйлөрдүн топтомун тактоого мүмкүндүк берет. Ата-мекендик жана чет өлкөлүк экономисттер ***бизнес-планга*** жүктөлгөн төмөндөгү максаттарды жана милдеттерди аныкташкан: божо-молдонгон бизнестин кыска, так, кол жетээрлик жана түшүнүктүү баяндалышы; максатка жетүү аракети – бизнес-ойду калыптоодон киреше алууга чейинки жол; экономикалык ой-максаттын эффективдүү планынын негизделген баасы; мүмкүн болгон катачылыктарды талдоо методикасы жана бизнести мүмкүн болгон тобокелчилдиктен камсыздоо программасы, фирманын имиджин калыптандыруу ыкмалары; бизнестин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу каражаты; тышкы экономикалык ишмердүүлүк, инвестициялоо жана капитал салуу чечимдерин кабыл алуу үчүн негиз; пландоо процесси жана фирма ичиндеги башкаруу куралы; бизнести ишке ашыруунун жүрүшүн көзөмөлдөө жана тескөө мүмкүнчүлүгү; илимий-изилдөө жана долбоорлоо иши; өз алдынча окуу куралы [9].

Экономикалык багыттагы адабиятта ***бизнес-план*** иштелип чыккан коммерциялык иш-чаранын негизги аспектилерин, пайда болгон көйгөйлөрдү, мүмкүн болгон “тоскоолдуктарды” жана аларды жеңүү методдорун, иштин учурдагы абалын жөндүү байкоо жүргүзүүдөгү көрсөткүч – индикаторлорду көрсөтүүчү документ катары каралат; кредит берүүдө негиз катары кызмат кылып, коммерциялык долбоордун канчалык реалдуу экендигинин жана анын эффективдүүлүгүнүн талдоо каражаты катары да кызмат кылат. Рыноктук экономикада бизнес-план ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүндө колдонулуучу жумушчу курал катары каралат. Бизнес-план ишкананын иштөө процессин баяндоо менен ишкана жетекчилеринин коюлган максаттарга жетүү, анын ичинде киреше алуу жолдорун корсөтөт. Жакшы иштелип чыккан бизнес-план фирманын өсүүсүнө, жаңы рыноктору ээлөөгө, эски рынокто бекемдөөгө, инвестиция алууга, өзүнүн өнүгүүсүнүн келечектеги пландарын түзүүгө, жаңы товарларды - кызматтарды өндүрүү концепцияларын түзүүгө, аларды ишке

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ашыруунун оптималдуу мүмкүнчүлүктөрүн тандоого жардам берет.

М.В. Хайруллина бизнес пландоонун ролу жөнүндө айтуу менен бирге бизнес-планды иштеп чыгуу өз алдынча билим алуунун жана коюлган максаттарга жетүүнү көзөмөлдөөнүн кубаттуу куралы деп айта кеткени бар: “*Пландоосуз* билимге, тажрыйбага жана кесипкөйлүккө ээ боло албайбыз” [9]. Белгилүү болгондой, ишкананын стратегиясын иштеп чыгуу материалдык, каржылык, интеллектуалдык, маалыматтык ресурстар чыгымдары жана убакыт бөлүү менен байланышта. Стратегиялык чечимдерди иштеп чыгып аны ишке ашыруу бизнести жүргүзүү учурунда чогултулган, системалаштырылган керектүү көлөмдөгү маалыматка ээ болуу менен ишке ашаарын белгилей кетүү керек. Билим жана кесипкөйлүк деңгээли экономикалык өсүүнүн жана инвестициялык ишмердүүлүктүн кыймылдаткыч күчүнө, ишмердүүлүктүн атандашууга жөндөмдүүлүгүн арттыруу факторуна айланган өндүрүштү уюштуруудагы жетекчилердин ордунун сапаттуу өзгөрүүсү ишмердүүлүктөгү элдин иш менен камсыз болуусунун тармактык жана кесиптик-квалификациялык түзүлүшүн талдоонун негизинде ачылып көрсөтүлгөнүн экономисттер белгилей кетишкен [10].

Жетекчинин ишинин эффективдүүлүгүн ишмердүүлүктү уюштуруунун элементи катары баалап, ишмердүүлүк шарттарындагы жетекчинин кызмат предметин - жетекчинин ишмердүүлүк каражаттарын биринчи тартиптеги (маалымат) жана экинчи тартиптеги каражаттарга (издөө, кайра иштетүү жана берүү системалары) бөлүү менен каралган башкарылуучу система (ишкана, уюм, эмгек жамааты) деп А.А. Васькин баса көргөзгөн. Жетекчинин иши бааланууучу факторлордун бирөө болуп (чет өлкөлүк жана атамекендик талдоочулардын методикалары боюнча) жетекчинин кол алдындагы каржы каражаттарын жана материалдык ресурстарды эффективдүү колдонуусу, б.а. уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгү болгон бизнес-пландоонун методдоруна ээ болуусу эсептелинет [11].

Өнүгүүсү жана бутка туруусу үзгүлтүксүз экономикалык билим берүү системасынын базасында болуп жаткан экономикалык ой жүгүртүүнү бир бүтүнгө бириктирилген процесс катары аныктап, болочок кесип ээлеринин экономикалык ой жүгүртүүсүнүн калыптануусуна педагог-изилдөөчүлөр И.М. Шлапаков жана Л.В. Козуб өзгөчө көңүл бурушкан. Экономикалык ой жүгүртүү коомдук ой жүгүртүүнүн бир калыбы катары каралат, ал коомдун, бардык коомдун катнаштардын, социалдык түзүлүштөрдүн негизин түзүүчү коомдук турмуштун экономикалык чөйрөсүнө, өндүрүштүк катыштар чөйрөсүнө багытталган. Экономикалык ой жүгүртүүнүн мазмунун *материалдык байлыкты өндүрүү жана керектөө, өндүрүштү өнүктүрүү, менчикке, эмгекке болгон мамиле, ж.б. менен байланышкан көйгөйлөрдү* түшүнүү (таанып билүү) түзөт.

Экономикалык ой жүгүртүү экономикалык кубулуштарды түшүнүүдөгү, алардын маани-маңызын таануудагы, экономикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүдөгү, экономикалык мыйзамдардын чындыкка төп келээрин салыштыруудагы процесс жана адамдын интеллектуалдык касиеттери катары айтылат. Экономикалык ой жүгүртүүнүн өзөгүн ой жүгүртүүгө тиешелүү болгон жалпы мыйзамдар түзөт; ошону менен катар эконо-микалык ой жүгүртүүнүн өзүнө тиешелүү да артыкчылыктары бар: ал экономикалык турмуштун болуусун экономикалык категорияда, мыйзамдарда кайрадан иштеп чыгып, ошол себептен коомдук ой жүгүртүүнүн бир түрү катары бөлүп көрсөтүлөт. П. Хейненин ою боюнча “Бир нерселерге экономисттин көз карашы менен кароо – бул *суроо-талап*, *альтернативдүү баа*, *чектик эффект* жана *салыштырмалуу пайда* деген түшүнүктөрдүн жардамы менен баарына жакшы белгилүү болгон кубулуштарды системалаштыруу. Экономикалык илим бизге көргөнүбүздү жакшылап түшүнүүгө, коомдук татаал катнаштардын кеңири чөйрөсү тууралуу удаалаш жана логикалык ой жүгүртүүбүзгө өбөлгө түзөт” [12].

Экономикалык ой-жүгүртүүнүн калыпта-нуусуна өбөлгө түзүүчү каражат катары толугу менен бизнес-пландоо каралат. Бизнес-пландоонун айрым элементтери менеджерлерди, экономисттерди даярдоодогу көйгөйлөрдү ачып берүүчү педагог-изилдөөчү М.Ю. Афанасьев, А.Л. Денисова, Л.А. Горшунова, Р.В. Жариков, Ж.В.Иноземцеванын эмгектеринде каралган.

Кесиптик ишмердүүлүккө эсеп – экономикалык багыттагы адистерди даярдоону калыптандыруудагы көйгөйлөрдү чечүүнү кыйындатуучу теориялык-технологиялык пландын бир себеби катары А.Л. Денисова практикалык даярдоого чыгаша алып келген теориялык даярдоого, билимдин калыптанышына теориялык даярдоону көбүрөөк колдонгон тенденциялардын күчөгөндүгүн, б.а. маалымат фонду чогулуп калаарын белгилеген [13]. Анын оюу боюнча экономикалык билим берүүнүн мааниси – экономистти даярдоо процессиндеги салыштырмалуу өз алдынчалуулук компоненттери обочолонуп каралбастан өз-ара байланышта болуп, өнүгүүдө жана кыймылда система катары каралуусунда камтылган. Мындай мамиле болочок адистин кесиптик бутка туруу иш-чараларындагы бириктирүүчү касиеттерин, сапаттарын, мүнөздөмөлөрүн ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

Менеджерлердин деңгээлин жогорулатуу көйгөйлөрүн изилдеген Р.В. Жариков *ишмердүүлүктү колдонуу чөйрөлөрү жөнүндөгү билими; ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларынын ишке ашыруу тажрыйбасы; жаңы кесиптик милдетти аткарууга чыгармачылык менен мамиле кылуу жөндөмдүүлүгү;*

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*инсандык баалуулуктар системасы аркылуу өтүп - өзгөргөн кесип ишмердүүлүгүнө сезимтал мамиле кылуу тажрыйбасы* сыяктуу кесиптик маданияттын компоненттерине ба-сым жасаган [14].

Экономикалык илим, ишмердүүлүккө болгон жөндөмдүүлүк көнүмүш түрдө карап келген үч негизги өндүрүш факторунан (жер, эмгек, мүлк) тышкары өндүрүштүн төртүнчү фактору катары коомдун ресурсуна Ж.В. Иноземцева көңүлүн бурган [15]. *Ишмердүүлүк* өндүрүү процессинде аныкталган экономикалык жыйынтыкка жеткирүү үчүн өндүрүү иш-чараларында үч негизги факторду натыйжалуу бириктирген кыймылдаткыч күч катары каралат. Атактуу француз экономисти Ж.Б. Сэй ишмердүүлүк жөндөмдүүлүгүн *алар жакшы жыйынтык берүүчү тармакка ресурстарды багыттоону ишке ашыруу* деп түшүнгөн [3].

Ж.В.Иноземцеванын экономист-менеджерди технологиялык даярдоодогу көйгөй каралган эмгегинде коомдук суроо-талапка басым жасалганы айтылган. Адистин үлгүсүн түзгөн негизги түзүүчүлөрүнүн ичинен коомдук суроо-талапта чагылдырылган *анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн жана мазмунун, адис аткаруучу негизги иш-чараларды, кесиптик милдеттердин көнүмүш тизмегин* Ж.В. Иноземцева жазган [15]. Ушундай көнүмүш маселелердин бирөө болуп бизнес-пландоо эсептелинет. Педагогикалык изилдөөлөрдө бизнес- пландоону окутууга түздөн-түз байланышкан эмгек катары орус окумуштуусу Л.Н. Бахтиярованын эмгектерин айта кетсек болот [16].

**Адабияттар:**


1. Абдрасулова С.Ж., Абдрасулова Ж.Ж. Учурда кандай математикалык жана экономикалык билимдердин негиздерин калыптандыруу керек? // Вестник Ошского государственного университета. – Ош, 2011. – №1. – 76-80-бб.
2. Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы: 2-том. / Башкы редактору Асанов Ү.А. – Бишкек, 2007. – 800 б.
3. Кыргыз Республикасынын комчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосу. Бизнести пландаштыруунун негиздери. Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоору (АИД-3 (МАР)). - Бишкек, 2021. - 29 б.
4. Мусаев Б.М. Компьютердик чөйрөдө бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессиндеги калыптандыруучу эксперименттин баскычтары // Известия ВУЗов. – Бишкек, 2016. – №8. – 125-127-бб.
5. Мусаев Б.М. Аракеттин ориентирленген негизинин бизнес-пландоодо компьютердик технологияларды колдонуу моделинин элементи катарында каралышы / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2018. – № 8. – 254-256-бб.
6. https://www.azattyk.org/a/1227887.html
7. Мусакожоев Ш. Введение в экономику. – Б., 2007. – 360 с.
8. Экономический образ мышления: Пер. с англ. Издание второе, стереотипное. – М., 1993. – 704 с.
9. Хайруллина М.В. Бизнес-план как средство достижения стратегических целей в потребительской кооперации: дисс. ... канд. экон. наук. – Новосибирск, 1997. – 177 с.
10. Васильев Ю.К. Экономическое образование и воспитание учащихся. - М.: Просвещение, 1986. – 224 с.
11. Васькин А.А. Оценка эффективности работы менеджера как элемент организации предпринимательской деятельности: дисс. ... канд. экон. наук. - М., 2000. - 166 с.
12. Энциклопедия профессионального образования: В 3-х т. / Под ред. С.Я. Батышева. - М.: АПО, 1999. - 440 с
13. Денисова А.Л. Теория и методика профессиональной подготовки студентов на основе информационных технологий: дисс. ... док. педаг. наук. – М., 1994. - 445 с.
14. Жариков Р.В. Методика использования информационных технологий в процессе повышения квалификации менеджеров промышленных предприятий: дисс. ... кан. пед. наук. - Тамбов, 1998. - 245 с.
15. Иноземцева Ж.В. Методика организации информационно-технологической подготовки экономиста-менеджера: дисс. ... канд. педаг. наук. - Тамбов, 1999. - 219 с.
16. Бахтиярова Л.Н. Подготовка бизнес-плана средствами компьютерных технологий. - Н. Новгород, 2004. – 48 с.